КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ

НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

4-февраль 2022-ж. № 17

Бишкек ш.

**К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу экономика илимдери боюнча Д 08.20.606 диссертациялык кеңештин ишмердигин токтотуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 22-августундагы № 578 токтому менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону *(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 30-июлундагы № 425, 2015-жылдын 30-июлундагы № 542, 2017-жылдын 28-февралындагы № 125, 2020-жылдын 9-мартындагы № 137 токтомдорунун редакцияларына ылайык)* жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2021-жылдын 27-январындагы № 268 токтомунун (№1д/с-4/9 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

08.00.05 – экономика жана эл чарбасын башкаруу (ишмердиктин тармактары жана чөйрөлөрү боюнча) адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын, 08.00.12 – бухгалтердик эсеп, статистика адистиктери боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялардын коргоосун өткөрүүгө укуктуу К. Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университети жана Ош мамлекеттик университетине караштуу экономика илимдери боюнча Д 08.20.606 диссертациялык кеңештин ишмердиги токтотулсун.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**